Бекитемин:
Мектеп директору: А.Бостонкулова

**С.Исманлов атындагы орто мектебинин ички эмгек тартибинин эрежелери.**

**С.Исманлов атындагы орто мектебинин мугалимдеринин милдеттери жана жүрүм-турум эрежелери, коопсуздук чаралары.**

1. Мугалим расписаниеде көрсөтүлгөн мөөнөттөн 15 мин. эрте келип, сабактын конспектисин бекиттирип, сабак өтүүгө даяр болушат.
2. Мугалим окуучуларды сабак учурунда же тарбия иштеринин убагында 1 мин.да кароосуз калтырбашы керек.
3. Сабак учурунда уюлдук телефонун өчүрүп, башка иштер менен алектенбөөгө тийиш.
4. Окуучуларды сабактан себепсиз таратууга, окуу процессине тиешеси жок жумуштарга жумшоого,сабактан үзгүлтүксүз кылууга тийиш эмес.
5. Окуучу сабактан кечиксе, мектеп формасын кийбей келсе, окуучуну сабакка киргизбей коюуга же сабактан чыгарып жиберүүгө болбойт.
6. Класстык журналга, жоктоо журналына окуучу сабакка катышпагандыгы тууралуу белги коюшу зарыл, ошол эле күнү класс жетекчи окуучунун сабакка келбей калуусунун себебин аныкташ керек.
7. Мугалим бири-бири менен жана окуучулар менен сый-урмат мамиледе болуусу зарыл.
8. Мугалимге мектептин аймагында тамеки чегүүгө, алкоголь ичимдиктерин ичүүгө үлпөт уюштурууга болбойт.
9. Мугалим окуучуларга төмөндөгүдөй мамилени жасабашы керек:
   -окуучуну дайыма сындоо,басмырмалобоого;
   -адилетсиз жазалабоого;
   -сабактан кийин калтыруу, бурчка тургузууга;
   -окуучулардан акча каражаттарын чогултпоого;
   -кыйкырык, кыймыл-аракет, ымдоо, жаңсоо, жагымсыз сөз, караштардын жардамы менен коркутпоого;
   -физикалык күч колдонбостон, сөз менен окуучуну коркутуу, кордоо жана анын кадыр-баркына доо кетирбөөгө;
   -кемсинткен формада айтылган эскертүүлөр, капа кыла тургандай жаман аттарды колдонбоого;
   -байкамаксандыкка салуу, окуучуну окуучулардан атайын бөлбөөгө;
   -окуу жайдан чыгарам же башка окуу жайга которуп жиберем деп коркутпоо;
   -шылдыңдоо, ушак таратпоого;
   -окуучунун коопсуз чөйрөгө болгон негизги муктаждыктарына тоотпогон мамиле жасабоо;
   -окуучунун жөндөмдүүлүгүн жана физикалык абалын сыйлабагандык;
   -сүйлөө кебинде адепсиз сөздөрдү колдонбоо;
   -окуучунун буюм менен сокпоо (бор, китеп, портфель ж.б.)
   -окуучунун жеке буюмдарын сындырбоо.
10. Мугалим дайыма таза, тыккан кийинип, маданияттуу жүрүш-туруштун үлгүсүн көрсөтүүсү керек.
11. Ата-энелер менен тыгыз байланышта болууга, ишкердик мамиле түзүүгө, ата-энелер чогулуштарына катышууга милдеттүү.
12. Окуучуларды өз алдынча калтырбоого милдеттүү.

ТИУ: А.Жээналиева